**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ
ТОКТОГУЛ РАЙОНУ
АБДЫ СУЕРКУЛОВ
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АБДЫ СУЕРКУЛОВ
АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН
АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясынын**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

13-март 2023-жыл № 95 Торкент айылы.

Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын XXVI сессиясынын 9-февраль 2023-жылдагы №89-токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндө

Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын XXVI сессиясынын 9-февраль 2023-жылдагы №89-токтомуна өзгөртүү киргизүү жөнүндөгү маселени Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы карап жана талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын XXVI сессиясынын 9-февраль 2023-жылдагы №89-токтомунун 1-пунктуна өзгөртүү киргизилсин жана төмөндөгүдөй окулсун:
   Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн мамлекеттик фондунун Торкен айылындагы сугат жерлерин ижарага берүүдө төмөндөгүчө берилсин:
   -Торкен айылынын сугат аянттары Рабкоoптун арты жер комиссиясы аркылуу аукцион менен, баштапкы баасы ар гектарына 5000сомдон, кадамы 500сомдон кепилдик төлөмү 2000сомдон мөөнөтү 5жылга;
   -Торкен айылынын шартуу сугат аянттары болгон Аэропорт участогундагы жерлер жер комиссиясы аркылуу түз берүү жолу менен ар гектарына 4000сомдон, мөөнөтү 5жылга;
   -Торкен айылынын К-6 жана Айгыржал участогундагы шартуу сугат жерлери жер комиссиясы аркылуу түз берүү жолу менен ар гектарына 2000сомдон мөөнөтү 5жылга берилсин.

2. Бул токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.

3. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоoго алуу жана www.torken.kg веб сайтына жайгаштыруу жоoптуу катчы Т.Кебековго тапшырылсын.

4. Бул токтом www.torken.kg сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кеңештин төрагасы** **Таалайбек уулу Курсант**

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>ТОКТОГУЛ РАЙОНУ<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВ<br>АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОКТОГУЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>АБДЫ СУЕРКУЛОВСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

**Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын XXVII сессиясынын**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

13-март 2023-жыл № 96 Торкент айылы.

Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн жайыт жерлеринен өнөр жайы зоналарына трансформацияга которууга макулдук берүү жөнүндө.

Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн жайыт жерлеринен өнөр жайы зоналарына трансформацияга которууга макулдук берүү жөнүндөгү маселени Абды Суеркулов айылдык кеңешинин IX чакырылышынын кезексиз XXVII сессиясы карап жана талкуулап

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Абды Суеркулов айыл өкмөтүнүн жайыт жерлеринен Торкен айылынын Артак участогунан №1156, 1138, 1154-контурларынан 1га, Акчап участогунан №1221, 1213-контурларынан 1га, Көтөрмө айылынын Кара-Коо участогунан №506,508, 507, 500-контурларынан 2га, Кара-Жыгач айылынын Бишкек-Ош жолунун жээгиндеги контуру жок аянттан 1га жерлерди өнөр жайы зоналарына (карьерге) трансформацияга которууга макулдук берилсин.
1. Бул токтом мамлекеттик тилде кабыл алынды.
2. Токтомду мыйзамда каралган тартипте каттоого алуу жана www.torken.kg веб сайтына жайгаштыруу жооптуу катчы Т.Кебековго тапшырылсын.
3. Бул токтом www.torken.kg сайтына жарыяланган күндөн баштап күчүнө кирет.

**Кеңештин төрагасы** **Таалайбек уулу Курсант**